Тоң районундагы М.Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык кеңеши

ТОКТОМ №2

19.09.2022 Тоң району

М.Мамбетов атындагы ж.о.б.б.мектеби Оттук айылы

Катышканы: 26

Каралуучу маселе: 1. Баткен облусуна гуманитардык жардам көрсөтүү жөнүндө

2. М.Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин узак мөөнөттүү 2022-2026-жылдарга Стратегиялык планын кабыл алуу.

5 жылдык Стратегиялык планды талкуулоо боюнча төмөндөгүдөй сунуштар айтылды.

Алышерова Нургүл: Эң биринчи видео көзөмөл орнотуу керек. Болбосо коридордогу гүлдөрдү эмитен эле үзө башташты. Балдардын тартибин көзөмөлдөгөнгө жакшы болмок. Ушуну киргизели планга.

Жалилова Б: Агай-эжейлер эми жаңы мектепке интернет тарттырбасак, азыр бүт документация интернет менен электрондук түрдө болуп атса, интернетсиз азыр эч нерсе кыла албайбыз.

Акматов Ашым-завхоз: Эми жаңы мектеп болгону менен кем карчы деле көп болот экен. Мисалы: компьютер дегендей. Мен завхоз катары от жагып, күл чыгарганда төккүдөй бир нерсе куруп алыш керек го. Азыр бир чуңкурга төгө турсак, анан айыл өкмөттөн акча бөлдүрүп, өзүбүз эле пескоблок менен куруп алсак болот. Анан склад керек, бул мектептин проектисинде склад каралбаптыр да.

Кабаева Т: Туура, агай-эжейлер. Жакшы сунуштар түшүп атат. Дагы айтыңыздар, ар бир сунуштун үстүндө иштешибиз керек. Менин дагы сунушум- башталгыч класстын окуучуларын ысык тамакка өткөрүшүбүз керек. Ал үчүн бардык шарттар бар. Ата-энелер менен сүйлөшүп, чечишибиз керек. Ата энелер керектүү инвентарь менен камсыз кылып берсе, уюштурсак болот.

Дагы бир маселе мектептин айланасын көрктөндүрүү боюнча кандай сунуштарыңар бар? Скважина каздырбасак мектептин гүлдөрүн эмне менен сугарабыз? Бул жагын да ойлонуштуруш керек. Ал үчүн долбоорлор менен

иштешибиз керек. Стратегиялык планга билим сапатты көтөрүү боюнча иш чараларды киргизүүбүз керек.

Дорбаева Ажар-химия мугалими:  Эски мектептеги розаларды жаз алды менен казып келели, анан мектептин астындагы газон деген жерге тигип коёлу. Четин коруп койсок да болот.

**Токтом 2/2**

Жогорудагыларды угуп, талкуулап төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды.

1. М.Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин узак мөөнөттүү 2022-2026-жылдарга Стратегиялык планы жогорудагы кошумчаларды киргизүү менен кабыл алынсын.
2. Стратегиялык планда көрсөтүлгөн иш чараларды жүзөгө ашыруу жагы жалпы мугалимдер коллективине жана мектеп администрациясына милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Т.Кабаева

Катчысы: М. Байболова